*Барпыбаев Т.Р., Кенжекулов К.Н.*

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭНЕРГЕТИКАСЫН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ПРИОРИТЕТТҮҮ БАГЫТТАРЫ

*Барпыбаев Т.Р., Кенжекулов К.Н.*

# ПРИОРИТЕТЫ В РАЗВИТИИ ЭНЕРГЕТИКИ КЫРГЫЗСТАНА

*T.R. Barpybaev, K.N. Kenzhekulov*

# PRIORITIES IN THE DEVELOPMENT OF ENERGY OF KYRGYZSTAN

*УДК:621.31.658.31.*

*Макалада Кыргызстандын энергетикасын өнүктүрүүнүн приоритеттүү багыттар жөнүндө маалыматтар берщди.*

*The article deals with the priority areas of energy development in Kyrgyzstan.*

Кыргызстандын энергетикасы ар түрдүү жана кыйын жол менен өнүгүүнү басып өттү. Кубаттуулугу бир нече он киловатты түзгөн чакан электрстанцияларынан баштап, Токтогул ГЭСи жана Бишкек ТЭЦи сыяктуу ири гиганттарга чейин анын калыптануу этабы журду. Электр энергиясы республикабыздын эң алыскы райондоруна чейин жетти. Электр өткөрүүчү линиялар менен бардык калк жашаган аймактар камсыздалды. Азыркы мезгилде электрэнергиясын керектебеген бир дагы тармак жок. Ал улам барган сайын техникалык прогресстин ылдамдануусуна, эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн темптерин жогорулатууну камсыз кылууда, эмгек жана тиричилик шарттарын жакшытууда маанюгуу рол ойноп, өлкөнун экономикалык өнүгүүсүнүн жана коомдун алынган улуттук кирешесинин деңгээлин аныктоодо.

Жакынкы мезгилдердеги энергетика саясатынын жаңы негизги багыттарынын бири болуп өндурушторду, төйлөөчу жана социалдык чөйрөлөрду электрлештируу, өлкөнун бардык аймактарын электрэнергиясы менен камсыз кылуу жана гидроэнергетикалык ресурстарды өздөштуруунун эсеби менен аны коңшу башка мамлекеттерге экспорттоо мүмкүнчүлүктерүн түзүү эсептелет. Гидроэнергетикалык ресурстардын запасы боюнча Кыргызстан КМШ ичинен 3 орунда, ал эми Борбордук Азия мамлекеттеринин ичинен 2 орунда турат.

Гидроэлектрстанциялар электроэнергиянын өтө эффективдуу булактарынын бирине кирет. Кыргызстандын 252 ири жана орто дарыяларынын толук гидроэнергетикалык потенциалы кубаттуулугу боюнча 18,5 млн.кВт жана энергия боюнча 162,5 млрд.кВт/-саатты түзөт. Бул дарыялардын техникалык потенциалы кубаттуулугу боюнча 11,3 млн.кВт жана энергия боюнча 99,2 млрд.кВт экендиги аныкталган, ал эми экономикалык потенциалы кубаттулугу боюнча 6,3 млн.кВт жана энергия боюнча 55,2 млрд.кВт түзөт.

Мындай чоң запастарга карабастан гидроэнергоресурстарды колдонуунун деңгээли азыркы учурда болгону толук потенциалдын 6,67%, ал эми техникалык потенциалдын 11% гана түзөт (1995-ж.). Республиканын энергосистемасы кубаттуулугу 2870 МВт болгон беш станцияны камтыган Нарын каскадынын ГЭСтери, кубаттуулугу 35,37 МВт болгон тогуз станциядан турган Аламедин ГЭСтеринин каскады, кубаттуулугу 8,7МВт болгон Быстровская ГЭСи жана бир нече убактылуу консервирленген гидростанциялардан турат.

Белгилуу болгондой ГЭСтердин башка станциялардан болгон артыкчылыктары катары электрэнергиясынын өздук наркынын төмөндугу, суунун энергиясын электрэнергиясына айландыруудагы КПДнын жогору болушу, башкаруунун толук атоматгаштыруу мүмкүнчүлүгү, анын негизинде тейлөөчү персоналдардын санын аздыгы, гидроагрегаттардын маневрүүлүгүнүн човдугу, суу ресурстарын комплекстуу колдонуу мумкунчулугу, өздүк керектөөлөр үчүн электрэнергиясынын аз сарпталышы жана башкалар эсептелет.

Базар экономикасынын шартында энергетиканы өнүктүрүүнүн масштабдары менен багыттарын тандоо, энергетикалык курулуштардын маселелерин чечүү жаңыча кадамдарды жасоону талап кылууда. Жаңы экономикалык шарттарда негизги көйгөйлуу маселе болуп, энергетикалык курулуштарды каржылоо эсептелет, биринчи кезекте гидроэнергетика обьектилерин. Экинчи багыт болуп энергетикалык курулуштарды каржылоого чет элдик инвесторлорду долбоорлорго жана курулуштарга тартуу жана издөө эсептелет. Энергетикалык обьектилерди куруу жана түрдүү электржабдыктарын сатып алуу сыяктуу жүргузулгөн алгылыктуу иш-чараларга Дүйнөлүк банк, өнүгүүнүн жана реконструкциялоонун Европалык банкы, өнүгүүнүн Азиялык банкы, Ислам банкы, өнүгүүнүн Скандинавиялык фонду, Даниянын эл аралык өнүгүү агенствосу жана бир катар чет элдик мамлекеттер (Япония, Швейцария) ж.б. чоң жардам беришти. Бул иш-чаралар республиканын экономикасын туруктуу кармап турууга көмөктөшүү менен жаңы энергетикалык кубаттуулуктарды өздөштүрүүгө түрткү берди жана Кыргызстандын энергосистемасы республиканын энергетикалык өнүгүүсүдөгү көптөгөн көйгөйлүү маселелерди чечүүгө мүмкүнчүлүгү менен резерви бар экендигин көрсөттү.

2012-жылы Республикабыздагы ГЭСтердин жалпы кубаттуулугу 2953,3 МВТ түзүп, алар 15,222 млрд.кВт/саат электрэнергиясын иштеп чыгарышты.

ГЭСтердин кубаттуулугунун, электрэнергиясын өндүрүүсүнүн өсүшү, жалпы иштеп чыгуудагы алардын үлүшү жана гидроэнергетикалык потенциалды колдонуунун деңгээли 1-таблицада көрсөтүлгөн.

*Таблица 1*

**Гидроэнергетиканын өсүү темпинин негизги көрсөткүчтөрү**

| Жылдар | ГЭСтердин кубаттуулугу | | Электрэнергиясын өндүрүү | | Гидроэнергетикалык потенциалды колдонушу, % |
|---|---|---|---|---|---|
| | МВТ | % | млн.кВт/саат | % | |
| 1970 | 277,4 | 29,2 | 1188,4 | 37,59 | 0,73 |
| 1980 | 1467,1 | 62,7 | 4845,7 | 52,83 | 2,98 |
| 1990 | 2713,3 | 80,1 | 8950,9 | 68,03 | 5,5 |
| 2011 | 2953,3 | 85,3 | 10855 | 88,9 | 6,67 |
| 2012 | 2953,3 | 85,3 | 15,222 | 91,3 | 6,67 |

Республикабыздын чет элдик энерго алып жүрүүчүлөрдөн болгон көз-карандылыкты төмөндөтүү жана электрэнергиясын өндүрүштүк процесстерде, тиричилик жана социалдык чөйрөлөрдө кецири колдонуу максатында төмөнкү иш-аракеттерди аткарууну талап кылат: гидроэнергетикада: Таш-Көмүр жана Шамалды-Сай ГЭСде кубаттуулугун долбоордук ченге жеткирүү, Камбар-Ата ГЭС-2 толук эксплуатацияга берүү, Камбар-Ата ГЭС-1 курулуш иштерин улантуу; жылуулук энергетикасында: Бишкек ТЭЦ-1 он биринчи турбогенераторду эксплуатацияга киришин камсыз кылуу; электртармактык чарбасында: долбоор боюнча курулуш иштерин жүргүзүү, аларга Кемин- деги Фрунзе-Кемин 500 кВ көмөкчу станциясы, Нарындагы Ак-Кыя көмөкчү станциясы, Тамга менен Караколдогу Ыссык-Көл-Тамга-Каракол көмөкчү станциясы, Баткендеги Алай-Баткен 220 кВ көмөкчу станциясы кирет. Ошондой эле Кара-Балта, Узловая, Октябрьская 220 кВ көмөкчү станцияларындагы трансформаторлорду алмаштыруу жана Алай көмөкчү станциясына экинчи трансформаторду орнотуу иштери каралган.

Кыргызстанда энергетика тармагы приоритеттүү багыттардын бири катары дайыма мамлекеттин колдоосунда жана көзөмөлүндө турат. Борбордук Азиядагы республикалардын энергетикалык ресурстарга өздүк камсыздоого багытталган энергетикалык саясатты жүргүзүшү жана чарбалык байланыштарды үзүшү күн тартибине аймактын энергетикалык коопсуздугу тууралуу маселени койду. Гидроэнергетикалык потенциалы чоң, бирок жаратылыш газы менен нефтепродуктулардан толук көз-каранды болгон Кыргызстан үчүн бул концепция мыйзам чыгаруу, экономикалык, саясий, административдик жана уюштуруучулук системалардын мүнөзү менен ишке ашышы мүмкүн. Республиканын энергетикалык коопсуздугун камсыз кылган экономикалык мүнөздөгү иш-чаралардын ичинен төмөнкүлөргө басым жасалат:

- энергетика системасынын абалынын анализи;
- импорттук отундан болгон көз-карандылыкты төмөндөтүү менен ресурстук базаны жакшыртуу жана өнүктүрүү;
- кайра жандануучу гидроэнергетикалык ресурстардын негизинде электро-энергетиканы өнуктуруу боюнча алдыга чыгуу;
- өндүрүч, кайра иштетуу, транспорттук жана бөлүштүргүч системаларды жетишээрлик деңгээлде өнүктүрүү жана колдоо;
- коомчулуктун керектөөлөрүн оптималдык денгээлине жетүүгө жана отун-энергетикалык ресурстарды өндүрүүнүн минималдык деңгээлин төмөндөтүүгө багытталган энергияны үнөмдөө саясатын жүргүзүү;
- энергетиканын ички жана тышкы өндүрүштүк байланыштарынын эсеп-кысабын жүргүзуу;

Мына ушундай жана башка маселерди чечүү менен республиканын энергетикасын жаңы этаптагы базар экономикасынын мамилелерине жооп берген татаал өнүгүүгө алып чыга алабыз.

Эксперттердин оюу боюнча Кыргызстанда энергиянын өнүгүшүнө жана инветицияларды тартууга эмнелер тоскоолдук кылууда? Республиканын энергетикалык секторундагы көйгөйлүү маселелерди чечүүнүн кандай жолдору бар?

Инвестицияларды тартуу-чабал экономиканын жана каржылыктын тартыштыгынын шартында Кыргызстан үчүн биринчи орундагы маселелердин бири.

Биздин негизги энергетикалык обьектилерибиз 30-40 жыл мурун курулган, учурда алар жаңылануунy жана модернизациялоону талап кылууда. Совет доорунда электр менен «амсыздоонун коопсуздугун жана ишеничтүүлүгүн камсыздоого багытталып даярдалган долбоорлор учурда да актуалдуулугун жоготкон жок. Буга биринчи кезекте, 500кВт "Датка-Кемин" магистралдык электр өткөргүч линиясы кирет. Республика үчүн өзгөче мааниге "Кыргызстандын түштүгүндө электр менен камсыдоону жакшыртуу" долбоору ээ. Мында Баткен менен Ош облустары Озбекстан менен Таджикистандын аймактарын айланып өткөн көзкарандысыз электрэнергия менен камсыз болот. Ошону менен бирге эле Бишкек жана Ош ТЭЦ да модернизациялоо зарылчылыгы келип чыгуу да, алардын от мештеринин жабдыктарын алмаштыруу талап кылынуудa. 380 млн.долларга жакын өлчөмдөгү тартылган донордук каражаттар акыркы 10 жылдарда эффективдүү эмес колдонулган. Ошондуктан министрлик башкы маселе катары өлкөнүн энөргетикалык секторуна инвесторлорду ачык жана өз ара ыңгайлуу түшүнүктүү шарттарда тартууну эсептейт. Бул багыттагы Президент тарабынан көрүлгөн чаралар өлкөбүздүн энергетикасына коомдун катышуусун, ачыктык, айкындык жана жоопкерчиликти жогорулатуу сыяктуу башкаруунун ачык-айкын мүмкүнчүлүктөрүн түзүүдө.

2001-жылдагы энергосистеманы генерирлөөчү, өткөрүүчү жана бөлуштуруучу компанияларга бөлүү инвестициялык салымдардын бөлүнүүсүн шарттады.

Бүгүнкү күндө энергетикалык тармакка жана бүтүндөй эле экономикага ички жана сырткы салымдарды тартуу үчүн, бизге экономиканын өнүгүшүнө сапаттык жактан өзгөртүүчү кадамдарды жасоо зарыл. Республика менен инвесторлордун ортосундагы стратегиялык карым-катнаштар бүгүндөн түптөлүшү керек. Мында ким кеп берсе эмес, ким узак убакытка өлкөнүн өнүгүшү үчүн көп пайда алып келет деген башкы принцип орун алышы керек.

Кыргызстан 2011-2012-ж.ж. энергетикалык секторду өнүктүрүү боюнча бир топ алгылыктуу иштерди жүргүзүп келди жана мындай иш-чаралар андан ары улантылмакчы. Атап айтсак, 2011-жлдан баштап түштүктө салымы 208 млн.долларды түзгөн көмөкчү чордондорду жана тармактарды кайрадан жаңылоо боюнча ири долбоордун практикалык иштөөсү башталды. Анын курамына 500 кВт "Датка" көмөкчү чордону, 220 кВт 4 көмөкчу чордондорду кайрадан жаңылоо (Узловая, Алай, Октябрская жана Кристалл) жана узундугу 401,5 км түзгөн 220кВ сегиз ЛЭПтин курулушу кирет. Долбоорду Кытайдын Эксимбанкы каржылоодо. Кытайдын "ТВЕА" куруучу компаниясы 18 айдын ичинде курулуш иштерин аягына чыгарууну пландоoодо.

Экинчи кадам катары Кыргызстандын түштүктүндүк электр өткөрүмдүүлүгүнүн линиясын куруу (Датка-Кемин 500кВ электр өткөрүүчү линиясы) эсептелет. Бул эки долбоор Казакстандын багытындагы 500кВ "Кемин-Алматы" жана Тажикс- тандын багытыщдагы 500 кВ "Датка-Ходжент" элект өткөрүүчү линиялардын курулушу боюнча электр тармактарындагы жаңы долбоорлордун ишке ашышын шарттайт. Бул бир тарабынан Казакстан менен кызматташууну чындаса, экинчи тарабына Борбордук жана Түштүк Азиянын ортосундагы электр энергиянын базарын түзүүчү "CASA-1000"долбоорун ишке ашырат (сүр.1).

2012-ж "Түндүк электро" ААК тарабынан жалпы суммасы 33,6 млн. еврону түзгөн Германиялык өнүктүрүү банкы каржылаган долбоордун жумуштары улантылат. Долбоордун ишке ашышы менен жоготуу кыскарат, оператордун пайда көрүү деңгээли электр менен камсыздоонун сапаты жогорулайт.

"Түндүк электро" жана "Түштүк электро" ААК өздүк каражаттарынын эсебинен карта менен алдын ала төлөөчү электр эсептегичтерди киргизүү боюнча кытайдын компаниялары менен түзүлгөн кызматташуулар улантылат.

Республикабыздын Бишкек жана Ош чоң шаарларында жылдан жылга электр энергиясын керектөө өсүүдө. Мына ушуга байланыштуу 2011-ж баштап жаңы долбоор ишке кирди. Анда Бишкек шаарында 3 көмөкчү чордонду "Ала Арча", "Кызыл Аскер" жана "Восточная" жана Ош областындагы "Кара Суу" көмөкчү чордонун, ошондой эле узундугу 20 км түзгөн 220 кВ "Фрунзенская-Ала Арча" жогорку чьщалуудагы линиясынын курулушун кайра жаңылоо иштери каралган. Долбоордун жалпы суммасы 23,08 млн.доллар. Ислам өнүктүрүү банкы тарабынан каржылануудa.

Швейцария Окмөтү менен Ат-Башы ГЭСин калыбына келтирүү иштери боюнча долбоорду улантуу келишими түзүлдү. Долбоор станциянын кубаттуулугун 19% көтөрүү, көчүрүүлөрдү азайтуу жана кышкы мезгилдин жогорку жүктөм учурунда энергосистемада чыңалууну жөнгө салуу иштери түзөт. Алдын-ала эсептөөлөр боюнча долбоордун бюджетин 24,4 млн. швейцариялык франк түзөт.

2012-жылдын биринчи жарым жылдыгында "Токтогул ГЭСин реабилитациялоо" долбоорун каржылоо боюнча Азия өнүктүрүү банкы менен макулдашууларга кол коюу пландаштырылууда. Долбоордун суммасы 45 млн.доллар. Долбоордун жүрүшүндө - генератордук өчүргүчтөр, негизги генераторлордун жана өздук керектөөчү генераторлордун дүүлүктүрүүчү системаларын, гидротурбинанын айлануу жыштыгын жөнгө салгычтарды, 500 кВ кабелди, 6кВ жардамчы жабдыктарды ж.б. көптөгөн көзөмөл-өлчөгүч жабдыктарды (ОРУ- 500кВ) ондоо жана алмаштыруу иштери каралган.

Республиканы электр менен камсыздоо жана стабилдүүлдүктү чындоо, ошондой эле электр энергияны экспорттоону көбөйтүү максатында суммасы 100 млн.долларга жакын каржылоону талап кылган Камбар-Ата 2 ГЭСинин кубаттуулугу 120МВт болгон экинчи гидроагрегатын ишке киргизүү пландаштырлууда.

Болжолдуу баасы 412 млн. доллар болгон кубаттуулугу 191 МВт түзгөн Нарын дарыясынын үстүнкү агымында төрт биринчи кезектеги ГЭСтерди Россиянин "РусГидро" ААК менен биргеликте куруу иштеринин даярдануу формалары башталмакчы.

Кубаттуулугу 1301 МВТ түзгөн чордондорду Суусамыр - Көкөмерен каскадынын курулушу боюнча долбоорго инвестицияларды тартуу иштери боюнча жумуштар улантылмакчы.

2012-жылы республиканын энергетикалык комплексин калыбына келтирүү жана кайра жаңылоого багытталган долбоорлор аягына чыгат. Долбоордун суммасы 35 млн. долларды тузуп, Дуйнөлук банк тарабынан каржыланган. Долбоордун каражаттарынын ичинен өзгөчө "Кентаус трансформатордук заводу" АК алынган 10/0,4 күчтөндүргүч трансформаторлор менен КТП орнотуу сыяктуу иштерин белгилесек болот.




**1-сүрөт**. Кыргыз Республикасынын келечектеги электр тармактары

Күчтүү электроэнергетикага таянып гана биз, республикабыз туш келген экономикалык кыйынчылыктан өтө алабыз жана калктын жашоо деңгээлин жогорулатуу менен эл чарбачылыгынын социалдык багытынын өнүгүүсүн камсыз кылабыз.

**Колдонулган адабияттар:**


1. СамсоновВ.С. Экономика предприятий энергетического комплекса: [Текст]/ В.С. Самсонов, М.А. Вяткин. - 2-е изд. - М.: Высш. шк., 2003.
2. Яновский А.Б. Энергетическая стратегия России до 2020г авторский коллектив 2001 г.
3. Данилов А.Д. Экономическая география СССР. [Текст]/ А.Д.Данилов, В.В.Кистанов и С.И.Ледовских. М.:Высшая школа, 1983.
4. Большой энциклопедический словарь. М. Советская энциклопедия, 1994.
5. Тулебердиев Ж.Т. Развитие энергетики Кыргызстана. [Текст] / Ж.Т.Тулебердиев, Ю.П.Беляков, К.Р.Рахимов. Бишкек, 1997.


**Рецензент: к.т.н. Токтамов С.С.**